С(Кырг)
Н90

Дүбүрт

Умар Нусубалиев

# УЛУУ ТИЛЕГИМ



2018

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ

Умар Нусубалиев

# УЛУУ ТИЛЕГИМ

33045

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 894

БИШКЕК – 2016

ББК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Н 90

Нусубалиев У.
Н 90 Улуу тилегим. *Ырлар.* Б.: 2016. – 36 б.

ISBN 978-9967-468-97-9

Колуңуздардагы чакан ыр жыйнакка жаңыдан дүбүрт салып келаткан, келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаш калемгердин ырлары топтолду.

Жыйнак поэзия сүйүүчүлөргө арналат.

Н 4702300200 – 16

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-468-97-9

© Нусубалиев У., 2016.
© Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия, 2016.

## САПАРЫҢ БАЙСАЛДУУ БОЛСУН!

Жаздын көңүл көлкүткөн бир жагымдуу кечинде жаш акындардын ыр кечеси өтүп жаткан. Куба жүлүн жаш жигит эски тааныштай мага күлүңдөдү: «Агай, менин ыр жыйнагымды окуп, баш сөз жазып бересизби?» – деди маселени кабыргасынан коюп. «Көзүм операция болду эле» – десем, кандай түшүнөт, поэзиянын көзгө көрүнбөгөн толкунунда көтөрүлүп турган жаш акындын назарын кайтарып аламбы деп: «Көлөмү чоң эмеспи?» – дедим. «Кыскартып деле берем агай, сизге баш сөз жаздырайын дедим эле». Чынымды айтсам, көңүлүмдө «дагы бир өпкө кабылды» деген ой кылт этти, Айрым учурда кеп-сөзгө келбей эле, беш-алты ырын окутпай туруп, «жыйнагыма баш сөз жазып бериңиз» – дегендер көп эле жолугат. Бирок бу жолу башкача болду.

Эки-үч айдан кийин жупкадай жука ыр жыйнак колума тийди. Ошентип, жактырбай алып, сүйүнбөй окуй баштадым. Окуган сайын ырлары көңүлгө уюп, улам кийинки баракка, кийинки ырга жетелеп отурду. Кубанчым койнума батпай сүйүндүм. Анын бир саатта окуп бүтө турган жыйнагы эки ай ойлонто тургандай, салмактуу ой көтөргөн жыйнактай туюлду. «Өпкө» дегеним ырдап турган «Жүрөк» экен. Ал ырды эптеп-септеп чүргөп, уйкаш кубалап, окшоштуруп эмес, көңүлү эргип, ички туюму менен туюп, сөз даамын, маңызын билип, аны керектүү жерге керемет шөкөттөп коё билген, ойду ой-куп-кайкылантпай даана, так кайрып, жыйынтыктаган, далай «ырдын» башын жеп, бир кыйла дасыгып калган, эң негизгиси кырмандагы кызыл дан менен чар-топонду айырмалай билген акын экен. Окуучулук, үйрөнчүк куракта өтүп, өзүнүн «менин» издеп, күлкү менен өтүп жаткан күндөрүнүн ары жагына үңүлүп, атуулдук жоопкерчиликти сезгени, жаштык максимализм, анын албуут дымагы «Мен Умармын» деген ырында айтылат. Сиздердин назарыңыздарга «Мен Умармын» деген ырын мисалга тартайын.

«Ырларымдан сүйлөп турсун жаным дейм,
Ар ырымдан күйүп турсун жалын дейм,
Түбөлүккө тирүү болсун сабым дейм.
Азыр акын эместирмин, а бирок,
Мейли кедей, мейли же бир бай болсом,
Айтор аман жер үстүндө бар болсом,
Акыр түбү акындыгым далилдейм.

Мейли кептер айтсын мага сын арбын,
Ошол сындан түзөлүп же сынаармын,
Жакшы дагы жаман сөз да угаармын.
Бир нерсени билгин курбум, а бирок,
Эшматовдун насыбайын атпаймын,
Ташматовдун тамекисин тартпаймын,
Үшкүрсөм да, чүчкүрсөм да Умармын!»

Алгачкы жыйнагында эле анын окурманга, ырына болгон мамилеси ачык сезилет. Ал асмандагы Айды чапчыгысы келбейт. Кедей болсо да, бай болсо, акын болсо да – аман болсо Эшматовду ээрчигиси, Ташматовдун тапталган жолуна түшкүсү келбеген, үшкүрсө да, чүчкүрсө да элине Умар бойдон калып, кызмат өтөй турган аруу тилеги менен баалуу. Акындык аруу тилеги, угуттуу уюткусу бар, кемелине келтире жазылган ырлары арбын.

Анын көп окуган окумалдыгын, издемчилдигин «Төрт саптарынан» байкадым. Умардын «Улуу тилегим», «Адамга», «Жаман эле жан окшойм», «Жалкоо акынга», «Гүл албасам болбойт», «Айылымды сагынганда» деген ырлары жана дагы «Төрт саптары» кыргыз поэзиясына өз жолун издеген, өз үнү менен өз оюн айта билген жаш, таланттуу акын келип кошулганынан кабар берет. Мен бул кичине сөзүмдө анын ар бир ырына токтоло албадым. Бирок... жетине албай капилет алтын таап алгандай сүйүнүп, болгонун болгондой айтууга аракеттендим. Калганын окурмандары айтсын. Анткени жаш акындын бул тырмак алды жыйнагы дагы көп үмүт арттырып, өз окурманын табат деген ойдомун.

Байсалдуу сапар тилеп акын агаң –

**Анатай Өмүрканов**
Кыргыз эл акыны

## УЛУУ ТИЛЕГИМ

Кийим кийип, калем менен кагаздан,
Кара бороон, бетте кулдай сабап жан.
Менмин тигил...жүгү оор жолоочу,
Машакаттуу жолдо кетип бараткан.

Ыраңы азган бакырмын бир ит минген,
Ырдан нан жеп, ырдын суусун ичтим мен.
Маңыздуу ыр, маанилүү сап жаратып,
Мактоо уккум келет менин Пушкинден!

Назым Хикмет, Хафизге жүз жүгүнөм,
Наар татам Низаминин үйүнөн,
Жеңил ырдын желесине чулгансам,
Жеме угаармын Омор Хаям, Румиден?

Сүйөм ырды элжиреп, оо эт-жүрөк,
Сүйгөнүмдөй ар сабымды өпкүлөп.
Сууруп алаар сормо саздан тулкумду,
Сандырак ыр жазсам Саади тепкилеп!..

Жалганды эмес, антым ушул: чын жазам,
Жугузбаймын кыпындай да ырга чаң!
Кудуңдаймын ырлар менен жан жыргап,
Кайгы тартып ыйлайм ырга, ыйласам!

Базарым ыр, байпак жыртып сенделер,
Берем баарын болсо менде эмне эгер?
Башым сайдым, поэзия үчүн мен,
Бата берер Байрон, Гёте, Гейнелер!

Учтайм, кайрайм, калемимди көп бүлөйм,
Устунумду солк эттирбей бек тирейм!
Учкашкан соң, түшө качпай ырдан мен,
Улуу акын Умар болсом деп тилейм!

Улуу ырга бир мунарак уруп мен,
Улуу акын Умар болсом деп тилейм!

## АДАМГА

Адам көрдүм, сагызгандай сак жүргөн,
Адам көрдүм, таразадай так жүргөн.
Арасынан сейрек чалды көздөрүм,
Адамдарды күнөө кылбай ак жүргөн.

Адам көрдүм, чүнчүп эрки бош жүргөн,
Адам көрдүм, арсыз бети жок жүргөн,
Катарынан көзүмө аз чалдыкты,
Көр дүйнөгө пейли тоюп ток жүргөн.

Нысапсыз бар, көөдөнү пас көндөй бар,
Наадан, түркөй, тирүү туруп өлгөн бар.
Баш каңгыткан башаламан турмушта,
Барбы деги, телегейи тең жандар?

Алдым-жуттум, ач көз болуп баардыгы,
Ашынды го, пенделердин тардыгы...
Жамандан жан кейигенде зарлайсың,
Жакшы адамдар жашоодо жок калдыбы?

Не болсо да, наалат айтпайм жаманга,
Неткен менен мен да, ал да адамда..
Жамандыктын жабылып бүт эшиги,
Жакшылыктар жааса экен көп адамга!

## ТҮНДҮН КЕРЕМЕТИ

Жылдыз карап, өткөрөмүн түн көбүн,
Эң бир жакын, сырдашымдай түн менин.
Жымыңдаган жылдыздарга эркелей,
Туям кээде булуттардын күлгөнүн.

Толкуп жүрөк деңиздей, оо жай албай,
Буркан-шаркан, күү-шаа түшүп шамалдай.
Сырдуу түнгө сыйкыр агып келгенсийт,
Колум сунсам булут үзүп алардай.

Түркөйлүккө түбүң толсо желелеп,
Түйшөлөөрсүң, оо түн, ичтен жемелеп.
Тирүүлүктүн бул айыбы үчүн мен,
Түбөлүккө баш ургум бар чөгөлөп.

Эй улуу түн! Падыша да, кул дагы,
Эбегейсиз сепилиңдин кулдары.
Балким түндүн кереметин туйганда,
Жылдыз болуп жаркырамак, Күн дагы!

## ЖАЛКОО АКЫНГА

Ээ, кай жакта жүрөсүң, жакын досум?
Эл ичинен укпайм эч атың, досум.
Эки жылда эки сап жазган жоксуң,
Алың ушул элеби, акын досум?

Ак киймиңе, шыбашып кеткен го, көө?
Акын чыкпайт, ой-сенден дешкен го, же –
Араң жүргөн, өзү эле өлөйүн деп,
Илхамыңды ит талап кеткен го, ээ?

Калемиңдин көзү шор чылпакташат,
Көрөңгөңдү ыш-түтүн ыштап жатат.
Калыптыр го, жүдөмүш бир чымыны,
Аның дагы тырайып уктап жатат.

Ыгың-шыгың, ылжып мас, жалжакташат,
Ыркырманың, чачылып, чаңдап жатат.
Чоң маараке той берип, ичинде ой-даа,
Чартаңбай тээп, чычкандар чардап жатат.

Ылбырак бош немеге ыр кайдагы?
Ыр каймагын калпып жей тырбалбаңы!
Ылаң малдай көтөрүм, чабыр, кашаң,
Ыргылжыңды жактырбайт ырлар дагы!

Жакшы акынга чаң жукпайт, желе баспайт,
Жалкоо элге, коомго эч деле жакпайт!
Шилте акын, мокотпой калеминди,
Шедеврди Шекспир эле жазбайт!

Шилтегиле, акындар калемдерди,
Шедеврди Шекспир эле жазбайт!!!

## ЖАМАН ЭЛЕ ЖАН ОКШОЙМ

Жер кепеме күн жаркып тийбей жүрөт,
Жаккан отум жалбырттап күйбөй жүрөт.
«Жүргөн арсыз бирөө да» ал дегенсип,
Сүйүү менин баркымды билбей жүрөт!

Ташыркаган таш жолдо аттай жүдөп,
Түнт токойдон түз жолду таппай жүрөк.
«Мазамды алба, башымды чакпагын» деп,
Махабат маа эшигин ачпай жүрөт!

Эгин эгип, түшүмүн орбой калдым,
Эт бышырып, ооз тийип тойбой калдым.
Ээрчип жүрүп сүйрөлүп, бирөөнү мен,
Эх, кантейин сынына толбой калдым!

Жалгыздык башка салган жүгөнүм бар,
Жакшы жар тапсам деген тилегим бар.
Жандагым келген жанга жакпаган соң,
Жакшы адам экениме, күмөнүм бар!

## АЙЫЛЫМДЫ САГЫНГАНДА

Көздөн учуп көрсөм деп көп эстедим,
Талаа-түзүн, жыш токой, белестерин.
Атаганат тим эле алып учуп,
Азыр эле жөнөгүм келет менин.

Жолго батпай, кой-эчки шыгырашып,
Козу-улактар чурулдап жыбырашып.
Кемпир-чалдар жаткандыр ушакташып,
«Ой, баягы, тиги...» – деп шыбырашып.

Ысык отко дуулдап кызыл дандыр,
Ысык нанын апакем бышыргандыр.
Күрөң уйдун желинин кактап эмип,
Кашка торпок карматпай кутургандыр.

Балдар жолдо чүкө ойноп турушкандыр,
Кайненеден келиндер тил уккандыр.
Так төбөдөн чагылган чарт-чурт этип,
Шатырата төккөндүр куюп жамгыр.

Барсам иним делдектеп тосуп чыгаар,
Күткөн атам энтелеп шашып чыгаар.
Карындашым эркелеп карыш жылбай,
Апам чайга мээримин кошуп сунаар.

Көздөн учуп көрсөм деп көп эстедим,
Талаа-түзүн жыш токой белестерин.
Атаганат тим эле алып учуп,
Азыр эле жөнөгүм келет менин.

## СУЛУУЛУКТУН КЫЗЫ

*(сахна ханышасы – Таттыбүбү Турсунбаеванын элесине арналат)*

Күлкүңө Күн кошулуп күлсө керек,
Жылдыздар жылмаюуңда жүрсө керек.
Сендеги сулуулукту адам эмес,
Сүйүүнүн өзү кошо сүйсө керек!

Төрөлүп перилердин калаасынан,
Бой жетип сулуулуктун талаасынан.
Жерге сен кокус түшүп калсаң керек,
Жаннатта Үр кыздардын арасынан.

Суусунан сулуулуктун ичип чыккан,
Жалгандан жаркын сүйүү күтүп чыккан.
А балким суу periси болсоң керек,
Суналып көл түбүнөн сүзүп чыккан.

Жашоодо жарык таңдай жаркып өттүң,
Акактай ак жүзүңө Ай түнөттүң.
Көркүңдөн көрүнчү эле көз тайгылган,
Элеси Каныкейдин, Айчүрөктүн.

Сүйчү эле сени кино тасма дагы,
Сүйчү эле театр да, сахна дагы.
Сүрөттөп бүтпөйт чыгаар сулуулугуң,
Сүрөтчү сан миң сүрөт тартса дагы.

Сулуулук сен жашаган мекен эле,
Дидарың таш жүрөктү эзээр эле.
Жарк этип сен көрүнсөң, оо ал тургай,
Экран да сулуу болуп кетээр эле.

Өмүрдөн өнөр менен сыйлангандай,
Тагдырың талант менен чулгангандай.

Ашыкча сулуу элең адамдан сен,
Аалам бүт ажарына сыйган жандай.

Күлкүңө Күн кошулуп күлсө керек,
Жылдыздар жылмаюуңда жүрсө керек.
Сендеги сулуулукту адам эмес,
Сүйүүнүн өзү кошо сүйсө керек!

## ГҮЛ АЛБАСАМ БОЛБОЙТ

Саркеч, азем көйнөк кийип түрлөгөн,
Жаш көчөттөй жаңы көктөп, бүрдөгөн.
Татынакай бир сонун кыз гүл сатат,
Күндө кайтып келчү жолдо үйгө мен.

Айдың-Көлдүн ак куусундай суйкайып,
Таптатына, оо таттуу кыз эң эле.
Эс-мас болуп карап өтөм аңкайып,
А бирок гүл ала элекмин дегеле.

Оюн-күлкү, тарс жарылган каткырык,
Үлпөтү көп, жыргалга мас жашчылык.
Адатымча бара жатсам делбектеп,
Дайымкыдай теңтуштарым шаштырып:

– Ээ агатай, ушу сизге таң калам,
«Ой тобоо деп» далай жакам кармагам.
Укмуш сараң экенсиз,– дейт бырс күлүп,
Бир жыл бою бир жолу гүл албаган.

Жасагандай оголе чоң күнөөнү,
Помидордой кызарттың го бу мени.
Атайылап гүлүңдү албайм, күмүш кыз,
Анткени бир себебим бар жүйөлүү:

Көз тойбойт, кооз, букет-букет гүлүңө,
Кулак канбайт музыкадай үнүңө.
Каухар кыз, апапакай адеми,
Ээ бир күнү барам дагы үйүңө:

– Менчелик март жоктой пейли кең адам,
Алдыңа үйүп акча чачам көр анан.
Калыңыңа катып жүрөм акчамды,
Гүлүңдү эмес, жарым кылып сени алам.

Каухар кыз, акак, гөзал, адеми,
Гүлүңдү эмес, жарым кылып сени алам!!!

## ЫРЛАР ЖАНА МЕН

Баарынан баалуу нерсе ыр мен үчүн,
Кесеме толтурсам деймин ыр жемишин.
Күүгүмдө, таңда дагы, чак түштө да,
Каалаймын босогомо ыр келишин.

Жонума ырдын жүгүн артып жүрөм,
Жан сабап «ыр» деп түйшүк тартып жүрөм.
Ырысым, бактым менин ыр деп жашап,
Ырлардын деңизинде калкып жүрөм.

Жашоодо ыр бар үчүн бар өңдөнөм,
Ырсыз мен сокур, дүлөй жан өңдөнөм.
Ааламды көрбөймүн мен көздөр менен,
Ааламды көрөмүн мен калем менен.

# ЭРКИН ЫРЛАР



## АКЧАГА

Акчалар ээй акчалар,
Аз жашоодо ушу кыска,
Жутунуп да, тытынып да,
Жетпей жүргөн сандаган көр пенделер,
Евро-доллар, жайнаган сом-теңгелер,
Тутам-тутам, таңгак-таңгак пачкалар,
Жашыл-кызыл, миллион, миллиард акчалар!
Ач көздүктүн алды сенден,
Жамандыктын жармы сенден,
Тирүүлүктүн чыры сенден,
Түйшүктөрдүн түбү сенден башталаар!!!

Акчалар ээй акчалар,
Ким бирөөнүн эсирип көбүшүнө,
Да бирөөнүн басынып чөгүшүнө,
Жыргалга да, кууралга да себепсиң!
Арылдаган арстанды,
Мыёолотуп мышык кылып,
Ырылдаган карышкырды,
Кыңшылатып күчүк кылып,
Генийлерди келесоого теңеттиң!
Президент, бомж, депутат башкасын да,
Эмчи-домчу, көзү ачык, бакшысын да,
Тыйын үчүн тентиретип турмуштан,
Кыңк эттирбей кызматыңды кылдырткан,
Бийлигинди бийлик көргөн эмесмин!
Тана албаймын, эч убакта, эч качан,
Качан кайда болсо да сен керексиң.
А бирок, бил! Бир чындыкты мына бул:

Айтам ак сөз!
Адам уулу катары:

Акчалар ээй акчалар,
Абадай керек болсоң да,
Адамдан өйдө эмессиң!!!

33046

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 894

## КЕҢ ПЕЙИЛ БОЙДОКМУН

Окумуштуу, профессордой,
Ой жоруймун он сааттап.
Мээ ооруткан менде бир маселе бар,
Жок окшойт ушу менин,
Бөйрөк-боорум, ичеги-өпкө, ашказаным,
Ичимде жалаң эле,
Бар окшойт жыбыраган,
Жайнаган көп жүрөгүм.
Анткени мен,
Аябай көп сүйөмүн...
Көчөдөнбү, базарданбы,
Кокус кыз көрсөм эле,
Эрип калам,
Эзилип эт жүрөгүм.

Түшүп калсам троллейбуска,
Оозумду ачып он кызды сүйүп түшөм.
Алты кызга катарынан көз кысып,
Автобустан жалжайып күлүп түшөм.
Парктан элүү, тротуардан он бешти,
Кур калтырбай сүйүп коём,
Жайнаган жүрөгүмдүн бирөөнү арнап,
Обу жок, көйрөң, шайкелең,
Бетин беш саат боёнгон,
Ойсоке кызды деле туруксуз эң.

Жинди болуп кете жаздап,
Мүнөт сайын, секунд сайын,
Өлүп-талып сүйүп турам.
«24 саат» бою кызматтамын.
Убакыт текке кетпесин,
Коокуй сүйбөй калбайын деп,
Тикемен тик какайып туруп турам.

Банкрот болуп күндө,
Шаңкылдашып шарактаган,
Көз сүзүшүп кылактаган,
Кыт-кыт күлгөн, кытылдаган кыздарга,
Семичке, сагыз алып берем,
Чупа-чупс, курут сунам.

Сүйүү деген немеге,
Жок деп айтпайм дегеле.
Качан болсо пейлимди кенен коём,
Эт бетимен кетип, ой-даа,
Болушунча чачырайм.
Айылдыкпы, шаардыкпы ылгабайм,
Арыгын да толугун да кур койбойм,
Ага-тиге, буга дагы,
Сүйүү берип, сүйүү берип,
Барпалаңдап бапырайм.
Кудай мени ушундай,
өтө эле бир кең пейил,
жоомарт кылып жаратыптыр,
өзүмө деле калсын деп.
Кыпындай да сараңдык,
Кыла албайт экем капырай!

Сүйүү – деген эң күчтүү
Киши кылып коё турган,
Митаам, шүмшүк, кутурган акмакты да.
Акшыңдатып азоо аттай,
Чуркатып ийе турган аксакты да.
Сүйүүнү ким жаман көрсүн?
Баары, баары, жакшы көрөт сүйүүнү,
Сүйүү – деген сопсонун да,
Сүйүү – деген таптаттуу да!

Ошол сонун, ошол таттуу,
Ошол кымбат сүйүүнү,

Ме деп эле таратып бере берген,
кайран мен абдан эле эр экенмин.
Ашып-ташып, көбүп-жабырып, чайпалып,
тим эле чалкып жаткан көл экенмин.
Дүйнөдөгү №1
– эң берешен,
– эң колу ачык,
– эң ак-көңүл,
Айкөл адам мен экенмин!

## УМАРДЫН УНИВЕРСИТЕТИ

Кыш өтсө да, жай өтсө, күз өтсө да,
Эсеби жок ай күндөр жүз өтсө да,
Мен көп жүргөн, көп каттаган бир жай бар,
Ал жай – шаардык, улуттук китепкана.
Убагында чыгынбагам,
Тапшырганга жогорку окуу жайга,
Акыл жетип, көбүнө тиш өтсө да.
Ошондогу ысык-суук күндөрдө,
Мен жүрбөгөн жер калган жок Бишкекте,
Мен кылбаган иш калган жок Бишкекте,
Мен сүйбөгөн кыз калган жок Бишкекте,
Жүрдүм көпкө каңырык түтөп гана.
Жүрүп-жүрүп акыры
Ошол жакты сүздүм мен,
Мына ошентип, мен үчүн чоң
Университетке айланды,
Касымаалы Баялинов атындагы
Бишкек шаардык китепкана.

Күндөрдүн бир күндөрүндө,
Бул окуу жай тууралуу угуп билдим да,
Умар бизде окуйт деген
Документ алдым дароо эле,
Каттоо жүрүп жаткан жайга кирдим да.
Ошондон бери мен байкуш,
Окуп жүрөм шалпактап,
Ай-бир шумдук академик болчудай,
Кээде көрбөй калып бетин үйдүн да.
Бюджет деген жок биздин окуу жайда,
Контракт менен гана кабыл алат,
«Контрагым» 25 сом бир жылга.

Ар күн сайын
Чакчайган чак түштө мен,

Университетим кала электе жабылып,
Жетип бара калайын деп батыраак,
Сабагыма жөнөйм шашып,
Күш-быш чуркап күшүлдөп.
Келем дагы
Олтурамын сабагымда «парада»
Олтургансып оо тигил
Гарвардда,
Бир ууч менин жүрөгүм,
Бир ууч үйүр жылкынын,
Чаң ызгыткан дүбүртүндөй дүкүлдөп.
Оксфорддогу окумуштуу өңдөнөм,
Ойлорумду жүз ирээттеп, жүз иргеп.
Айтканымды аңдап-туюп түшүн деп,
Ар сөзүмдү, эсиңе тут! – ушул деп,
Аалам деген аябай бир чоң залда,
Миллиард жолку профессору окуунун,
Китеп-агай лекция окуйт күпүлдөп.

Анан дагы мен жөнүндө,
Китеп-агай жакшы билет,
Поэзия деген бир ким бирөөгө,
Жанын койбой жабышып жүрөөрүмдү,
Аны өлгүдөй сүйөөрүмдү,
Ага эбак арнап салып жүрөгүмдү,
Айтор анын артынан мен,
Катуу чуркап жүрөөрүмдү,
Оо ал үчүн далай-далай,
Ак ыр, көк ыр, жөн ыр
Кызыл-жашыл, сары кылып,
Түркүн-түмөн ыр жазып ийеримди.
Көп ирет мен –
Айтып берип ал сүйгөнүм жөнүндө,
Ант бергенмин агайымдын алдында:
Ал деп жашап,
Ар бир саат, ар мүнөтүмдү,

Өтөөрүмдү эч күмөнсүз,
Ага арнап бүт бул өмүрдү!

Бишкектин чок ортосунда,
Турат менин Университетим заңгырап,
Убактымдын дээрлик көбүн,
Өткөрөмүн мен анда.
Сааттап-сааттап ал жактан мен,
Алптар менен азилдешем.
Генийлер менен гүүлдөшөм,
Алар айткан учкул ойлор,
Саптар менен сүйлөшөм.
Айтып берет агай мага,
Түрдүү-түрдүү роман, повесть, легенда.
Акын болгуң келсе чындап,
Маңдай-териң болушунча төк анда,
Толгон-тозок тоскоолдорду жең анда,
А болбосо, акын болом дебе анда!

Ал анткени акындык бул –
Өтө катаал, өтө татаал өнөр да,
Арык эмес кече берчү ким көргөн,
Адабият – океандан тереӊ да!
Билбегениң болсо эгер бул жолдо,
Менден дайым сурап тургун кеп-кеңеш,
Кантип эле жардамымды аяйын,
Таалим берип тарбиялап,
Талантыңды туура жолго салайын,
Өнөрүңдү өстүрөйүн багайын,
Тайгак жолдо бутуң тайып баратса,
Таянычың болуп жөлөп-таяйын.
Негизгиси сага айтаарым:
Майда жолду баса көрбө,
Маанисиз ыр жаза көрбө,
Майып болуп ырларың ооруп калат.
Эмгек кылбай жата берсең,

Эптеген ыр жаза берсең,
Аруу таза, туптунук, аппак эмес,
Ыш-кокочо, кара шалтак май баскан,
Шамтыраган кир кийминдей бирөөнүн,
Поэзияң – маэзия болуп калат! –
деп көп айтат мага Китеп-агайым.

Мына ушундай –
Менин окуум, менин жашоом,
Алты тыйын айлык албай,
Ыр – заводдо иштеймин.
Күн-түн дебей, кара жанды карч уруп,
Жайдыр-кыштыр ал заводдо,
Ырга – ырды, сапка – сапты токуймун.
Ыр десе эле жүрө берген талаалап,
Ырасында мен бир жүргөн кокуймун,
Анткен менен, канткен менен,
Кайран өзүм кыйын экем,
Бир жылда бир төлөнүүчү,
Жана айткан 25 сом контрактты,
Жардам күтпөй эч бирөөдөн, эч кимден,
Өзүм таап, өзүм төлөп окуймун.

Эх, ушинтип,
Менин кайран жаштыгымдын жылдары,
Өтүп жатат эң кызык.
Шаардагы нары-бери тынымсыз,
Көзгө илээшпей зуулдашкан,
Джиптер менен тең сызып.
Айлар – айга, күндөр – күнгө алмашып,
Эл ичинде жүрөм эптеп кыбырап,
Көр тирликтен кол бошобойт,
Ыр тирликтен ой бошобойт,
Кыш өтсө да, жай өтсө, күз өтсө да,
Эсеби жок ай күндөр жүз өтсө да,
Бул турмушта менин кымбат,

Кыйышпаган дос-курбу курдашым да,
Тууган-туушкан, санаалаш сырдашым да,
Айтор баары, бардыгы,
Болуп калды – Китеп мага.
Силер дагы тапшыргыла,
Келгиле бул окуу жайга,
Күтөт дагы жаңы-жаңы,
Абитуриент,  студенттерди,
Сыйлуу, даңктуу Университети Умардын,
Касымаалы Баялинов атындагы
Бишкек шаардык, улуттук китепкана!!!

## МЕН БҮГҮН БАШКАЧАМЫН

Мен бүгүн башкачамын,
Менин бүгүн жүрөгүмдө сүйүү бар,
Туюп турам.
Куу отундай очогунда чыртылдап,
Жалынына жалбырттап күйүп турам.
Үч бүгүлүп алдыңа,
Тизе бүгүп кулдук уруп,
Башым сага ийип турам.
Магдырап махабатка,
Балкылдап боюм эрип,
Какшыган чөл, көк деңиз аралдардан,
Капкалуу шаар, кайнаган базарлардан,
Дүйнөнүн бар тарабынан,
Көздөрүм сени гана... сени көрүп,
Кулагым сени гана.... сени угуп,
Мен сени мажнун болуп сүйүп турам.
Ыйыктардан ыйык тутуп сени эми,
Сенден тапкан, сенден туйган сезимдин,
Сепилин эң бийик курам!

– Сүйүү таптым, сүйүү таптым,
– Мен эми багынбаймын,
– Каарына кыйын кездин
Үшүтүп ызгаарына
Сүйүүмдүн бороонуна буюктурам!!!

Кыялымды сени издетип учуруп,
Жылдыздан сансыз канат тагындырам,
Мендеги бул сүттөн ак сезимдердин,
Тамызгысын тутантып жалын кылам,
Заңгыраган мунарасы көк тиреп,
Ак сүйүүмдүн ажайып шаарын курам.

– Сүйүү келди, сүйүү келди,
– Оо мага,
– Мен эми тизе бүкпөйм,
Тар күнүнө тагдырдын,
Кудуреттүү сүйүүгө багындырам!!!

Чөгөм чумкуп,
Түбүнө сүңгүп терең...
Сен болуп чалкып жаткан,
Сүйүүнүн көлүнө мен.
Сага деген
– Сүйүүм таза
– Сүйүүм ак,
Таш болсо да жүрөгүң эрибеген,
Эрите алам сүйүүмдүн деми менен!!!

## МЕН УМАРМЫН

Ырларымдан сүйлөп турсун жаным дейм,
Ар ырымдан күйүп турсун жалын дейм,
Түбөлүккө тирүү болсун сабым дейм.
Азыр акын эместирмин а бирок,
Мейли кедей, мейли же бир бай болсом,
Айтор аман жер үстүндө бар болсом,
Акыр түбү акындыгым далилдейм.

Мейли көптөр айтсын мага сын арбын,
Ошол сындан түзөлүп же сынаармын,
Жакшы дагы, жаман дагы сөз угаармын.
Бир нерсени билгин курбум а бирок,
Эшматовдун насыбайын атпаймын,
Ташматовдун тамекисин тартпаймын,
Үшкүрсөм да, чүчкүрсөм да Умармын.

# ТӨРТ САПТАР



* * *

Оо сүйүү! Чөл талаанда жөө жүрөмүн,
Балким бүгүн же эртең төө минемин.
Таманымды таш тилээр, тикен тилээр,
Боштук кылба эгерим оо жүрөгүм.
Сүйүүгө кереги жок мажүрөөнүн.

* * *

Сүйүүм зоока... кылт этсем жардан учам,
Сүйүүсүз мен турмушту кайдан утам.
Кир дебегин сүйүүнү ээ кеңкелес,
Океандын үстүндө кайдагы чаң?

* * *

Тил бар туруп, дудук болуп калгандай,
Көз бар туруп, көр сокурга айланбай.
Мен чындыкты айткым келет чындыктай,
Мен жалганды айткым келет жалгандай.

* * *

Эгин эксең, таш жерге өнмөк кайдан?
Эшек минсең тулпардай желмек кайдан?
Көрдөн да тар болсо эгер көкүрөгү,
Генийлерди түркөйлөр көрмөк кайдан?

* * *

Мейли бир күн кыйноо тартып куурайын,
Мейли бир күн шапар тээп дуулайын.
Күлсөм дагы Адам бойдон күлөйүн,
Ыйласам да Адам бойдон ыйлайын.

* * *

Өтүгүн төргө чечкен бар,
Өзүн бир шумдук сезген бар.
Өз үнүн укпас кулак бар,
Өз өңүн көрбөс көздөр бар.

* * *

Бир досумдан көрдүм кытмыр көздөрдү,
Бир досумдан уктум мыскыл сөздөрдү.
Алтын деле темир болуш бат экен,
Алты досум алты күндө өзгөрдү.

* * *

Ичи арам уу жыландай чагат экен,
Ийнесин так безиңе саят экен.
Ийрини түзөлдү деш бекер тура,
Ит адам, «ИТ» бойдон калат экен.

* * *

Бош баштыктын күмөн оңой толушу,
Бар тоскоолду жеңип чык! – дейт ой учу.
Бакыт үчүн башын саят баардык жан,
Байкуштун да мүмкүн баатыр болушу.

* * *

Азыркы учур акчасызды аксатат,
Абалды ойлоп аргасыздан баш катат.
Элдин жүгүн көтөргөнсүйт аялдар,
Эркектерден эки эсе көп акча таап.

* * *

Баары муктаж, бардыгына тең керек,
Ага, буга, тигиге да эң керек.
Биз – машина, акча бензин сыяктуу,
Ал болбосо айлана албайт дөңгөлөк.

* * *

Канчасы сүйбөй канчасы сүйүп өттү,
Кимдер көрдү, кимдердин үнү жетти.
Сүйүүнүн өзүн көрбөй көр сокурлар,
Сүйүүнүн чаңын көрүп «сүйүү» дешти.

* * *

Бирөө менден анык жүзүн катыптыр,
Жасалма эле жакшы болуп атыптыр.
Асманынан карап жүрсөм сүйүүнүн,
Ал жалжайып балчыгында жатыптыр.

* * *

Жан экенсиң жапжаш сулуу суйкайган,
Жигит аттуу жапырт карап кылчайган.
Бирок такыр коошпойт экен тыртайтып,
Ээрчиткениң маймылга окшоп ырсайган.

* * *

Сүйүү сенсиң көлдөн терең, сүттөн ак,
Сүйүү сенден куусаң кетпейт жүз сабап.
Сүйүү сенин боёгуңа боёнот,
Сүйүү сенин атырыңдай жыттанат.

* * *

Сүйүү келээр жакшыга да, жаманга да,
Жаппагыла сүйүүгө жаман жалаа.
Мансап, бийлик, байлык эмес, о кургур,
Ак сүйүүгө татыктуу Адам гана!

* * *

Какач баскан кычы-шалтак баладай,
Кирдеген го боюн такыр карабай.
Шалпылдатып ой-даа бир суу чачынып,
Душка түшүп жатат Бишкек аябай.

* * *

Чалкып жаткан оо ыйык көлүм менин,
Толкун тиктеп ой калчап жээгиндемин.
Сендей тунук таптаза болсо гана –
Адам деген эл караар өңүм менин.

* * *

Жашабагын кандай доордо, заманда,
Бир чындык бар мүмкүн эмес танаарга.
Сүттөй аппак сезим керек сүйүүгө,
Суудай таза жүрөк керек адамга.

* * *

Ким бирөөлөр болбос жакка ыкташты,
«Карга» багып, «ак куу бол» – деп кысташты.
Отуз жолу ыйласаң да озондоп,
Оозуң менен мурдуңдан жаш чыкмакпы?

* * *

Ар бир кечте Адам болсом деп жатам,
Ар кадамды Адам болсом деп басам.
Кара курсак кулкун үчүн жашабайм,
Кекиртекке кул болбоймун эч качан.

* * *

Эки көзүң көрөт тура түрдүүнү,
Эки жакка көбүрөөк сал дүрбүнү.
Эң жакыным деген бирөө бозортуп,
Ээн талаага таштай качты бир күнү.

* * *

Апам деп, кечем өмүр бактысынан,
Апам деп, ажалга түз башты сунам.
Апамдан артык болбойт мага эч ким,
Ааламдын баардык Адам аттуусунан.

* * *

Кериле басып сулуулар келет сулуулар,
Моюнуң, көзүң өзүнөн өзү бурулаар.
Суналган дене турпаты эмес а түгүл,
Помада менен пудрасында сүйүү бар.

* * *

Укпаса экен кулагым жамандыкты,
Кылбаса экен колдорум сарандыкты.
Эртең дагы, бүгүн да адамдардан,
Эки көзүм көрсө экен адамдыкты.

# МАЗМУНУ

Сапарың байсалдуу болсун ........................................ 3
Улуу тилегим ........................................ 5
Адамга ........................................ 6
Түндүн керемети ........................................ 7
Жалкоо акынга ........................................ 8
Жаман эле жан окшойм ........................................ 9
Айылымды сагынганда ........................................ 10
Сулуулуктун кызы ........................................ 11
Гүл албасам болбойт ........................................ 13
Ырлар жана мен ........................................ 14

**Эркин ырлар**........................................ 15
Акчага ........................................ 16
Кең пейил бойдокмун ........................................ 18
Умардын университети ........................................ 21
Мен бүгүн башкачамын ........................................ 26
Мен Умармын ........................................ 28

**Төрт саптар** ........................................ 29

*Көркөм-адабий басылма*

**Умар Нусубалиев**

**УЛУУ ТИЛЕГИМ**

Редактору *Ж. Медералиева*
Тех. редактору *К. Төрөкулов*
Корректору *Н. Усубалиева*
Компьютерде терген *А. Сабыралиева*
Компьютердик калыпка салган *Т. Сандыбаева*

Басууга 11. 03. 2016-ж. Кагаздын форматы $60x84^{1}/_{16}$.
Көлөмү 2,0 накта басма табак. Нускасы 500. Заказ № 17.

60с.00т.

«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги чектелген коомунун
компьютердик борборунда даярдалып, басмаканасында басылды.
720011. Бишкек ш., Сүйүмбаев к., 144/23
Тел.: +996 312 43-20-75, 43-19-51

60с.00т.



**Умар Нусубалиев** – 1990-жылы Жалал-Абад областынын Тогуз-Торо районунун Каба айылында төрөлгөн. 2008-жылы Саймалуу-Таш орто мектебин аяктаган. Учурда Эл аралык "Нурборбор" чыгармачылык академиясынын мүчөсү. Республикалык бир нече конкурстардын жеңүүчүсү. "Бейне өнөр" коомдук фонду тарабынан өткөрүлгөн 2015-жылдын мыктыларын аныктоодо "2015-жылдын мыкты жаш акыны " сыйлыгынын ээси.

